# А. Коёнкөзов атындагы № 18 Токтоян жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022 -окуу жылынын окуу-тарбия иштери боюнча анализи

2021-2022-окуу жылында А. Коёнкөзов атындагы № 18 Токтоян жалпы орто билим берүү мектеби Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мыйзамына, билим берүү тармагында иштеп жаткан улуттук программаларга жана мектептин Уставына ылайык иш жүргүзүп келди.

Окутууну жана тарбия берүүнү жакшыртуу планын 2021-2022-окуу жылына коюлган милдеттерге жараша, мектептин ишмердүүлүгүнүн жыйынтык баасына карата салыштырмалуу мониторингдер чыгарылды.

А.Коёнкөзов жалпы орто билим берүү мектебинин окуу-тарбия иштери боюнча төмөнкүдөй критерийлердин үстүндө анализ жазылды.

- 1. Окуу планын аткаруу;
- 2. Окуучулардын жетишкендиетери (окуучулар ээ болгон көндүмдөрү);
- 3. Үйрөтүү, тарбия берүү, окутуу;
- 4.Мектептеги климат жана ички эрежелер;
- 5.Ресурстар;
- 6.ОТЖПны башкаруу жана ишке ашыруу.

## ОКУУ ПЛАНДЫН АТКАРЫЛЫШЫ:

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 20-августундагы №1460/1 буйругунун негизинде бекитилген 1-11-класстар жалпы билим берүү мектеби үчүн түзүлгөн базистик окуу планы менен окутулду.

2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн сааттардын эсеби боюнча класстарга бөлүнүп берилген сеткадагы сааттардын бардыгы өтүлдү.

Майрам күндөрүнө туура келип калган сабактар кошумча ыраттаманын негизинде түзүлүп окуу план толук аткарылды.

2021-2022-окуу жылында мектепте жалпы 28 мугалим эмгектенди.Анын ичинен 5 пенсия курагындагы мугалим: Албанов Калык Жээнбаевич, Шаршалиева Алимакан Белековна, Отжанова Алмагүл Камсаевна, Сегизекова Жыпаркүл Эсекеевна, Байгашкаев Алымбек Эгембердиевич .

## 1.
## Окуучулардын жетишкендиктери (окуучулар ээ болгон көндүмдөр)

2021-2022-окуу жылында мектепти 288 окуучу билим алды, анын ичинен 155 эркек , 133 кыздар. Бардык окуучулар окуу программасын толук өздөштүрүштү жана алар кийинки класстарга көчүрүлдү. Билим сапаты жыл жыйынтыгы боюнча 36,6 % түздү. Мыкты окуган окуучулар 14/10 отличник, 82/53 ударник болду.

480 даярдоо классына 44 окуучу кабыл алынды. Жалпы мектеп боюнча 14 класс комплект бар.Мектеп беш күндүк окуу менен окутулду, жыл башында бекитилген ийримдер, сабакты жакшы өздөштүргөн окуучулар иштөө колго алынды. Бардык 14 класс кыргыз тилинде окутулду. Класстардын комплектенишинин орточо толушу 83% түздү.